ЗОРИЙ БАЛАЯН



# ЖАШ ЖУБАЙЛАРГА АЧЫК КАТ

ЗОРИЙ БАЛАЯН

# ЖАШ ЖУБАЙЛАРГА АЧЫК КАТ

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1987

ББК 51.204.5
Б 20

Которгон *Гүлнара Садабаева*

**Балаян З. Г.**

Б 20 Жаш-жубайларга ачык кат /Котор. Г. Садабаева.— Ф.: Мектеп, 1987—28 б.

З. Балаян азыркы учурдун өтө актуалдуу темаларынын бири болгон жалпы эле алкоголизм проблемасын жана анын укум-тукумга тийгизген кесепетин адабий публицистиканын күчү менен ачып берет.

$$М\frac{4104010000-303}{452\ (17)\ 87}140.87$$

ББК 51.204.5

© Издательство «Луйс», 1982 г.
© «Мектеп» басмасы, 1987-ж.
Кыргызча которулду.

Кымбаттуу достор! Менин жаш замандаштарым! Силер никелешип жатасыңар. Жаңы үй-бүлөнү түзөсүңөр. Жаңы турмушту баштайсыңар. Жалаң кубаныч менен кайгыга, жеңиштер менен жеңилүүлөргө гана эмес, улуу сезимге — жоопкерчиликке толгон турмушту да баштайсыңар. Өзүңөрдүн, ата-энеңердин, Ата Мекендин жана анын тарыхынын алдындагы жоопкерчиликтер. Ошентип, бул жоопкерчилик таптакыр абстракттуу эмес. Ал жоопкерчилик силердин балдарыңардын, ошолор үчүн силер үй-бүлө куруп, ошолор үчүн биз баарыбыз жер жүзүндө жашап жана иштеп жүргөн балдардын кебетесинде туюлат. Биз көп мээнетти жана сыймыкты билдирген ТӨРӨЛҮҮ деген сөзгө ар дайым кубанабыз. Бул улуу сөз. Жагымдуу сөз. Аны менен бүтүндөй тирүүлүктүн маңызы байланышкан. Биздин келечек үчүн тынчсыздануубуз ушул сөздө. Ансыз адам да, адамдын ою да болбой турган тынчсыздануу. «Милдетсиз булар болушпайт» деп Блок айт-

кан жашоонун өзү жана кумарлануу да ушул сөздө. Анан да, биздин түбөлүк өлбөстүгүбүз — ТӨРӨЛҮҮДӨ. Ошентип, жаңы төрөлгөн наристеге биз алгачкы күндөн тартып эле ата-бабаларыбыздан бери топтолгон адамзат акылын, турмуш эстафетасын, үй-бүлө очогунун жылуулугун өткөрүүгө даярданабыз. Алар, силердин балдар — улуттун, элдин, мамлекеттин ишеничи. Көп нерселер, эгер бардыгы деп айтпасак, Силерге байланыштуу болот. Биздин келечегибиз, биздин үмүтүбүздүн акталышы силерге байланыштуу. Ошентип, бул жекече маселеге жатпайт. Ал силердин замандаштарыңарды, силердин мекендештериңерди, биздин баарыбызды тынчсыздандырат. Мына ошондуктан мен ушу кат менен Силерге кайрылып олтурамын. Ырас, бул катым жеңил-желпи кат эместигин моюнга алам. Анткени Силердин бирге бактылуу болууңардын, Силердин бирге жашооңордун башталышында эле бир топ кооптондуруучу темада сөз козгоо, чындыгында, мага оңой эмес. Ошондой болсо да бул катка киришүүнү өзүмдүн абийир алдындагы милдетим деп эсептедим.

Адам баарын биле албасы түшүнүктүү. Дүйнөдө күн сайын бир миң алты жүз наамдагы китеп чыгат. Бирок ошондой болсо да, билбей коюуга болбой турган нерселер бар.

Бир жолу байыркы Римде киши өлтүрдү

деп күнөөлөнгөн наабайчыны соттошкон. Аны өлүм жазасына тартышкан. Анан, өкүм жүзөгө ашырылгандан кийин гана шордуу наабайчы эч кандай күнөөсүз экендиги аныкталат. Ошондон кийин сенат бардык сот заседаниелеринде биринчи болуп сөз сүйлөөчү атайын штаттагы кызматчыны бөлүүнү чечет. Ал залга кирип, соттордун алдына келип, бир гана сөздү: «Наабайчыны эсиңерге түшүргүлө!» деп катуу угуза айтуучу. Мен да биздин бир замандашыбыздын тагдырын силер эч унутпай эстеп жүрсөңөр дейм. Анын ызалуу жана оор кайгылуу тагдыры Силер үчүн сабак болсун. Бул даанышман Дантенин белгилүү корутундусуна каршы келген, коркуныч да «кеңеш берүүгө тийиш» болгон учурдун дал өзү экендигине ишенем.

Аны Або уста дешчү. Ал бала кезинен эле өзүнүн Альберт деген атынан жатыркап калган. Бул адам художник болуп төрөлсө керек. Бирок художник болгон жок. Балалыгы согуш мезгилине туш келди. Анан эвакуация. Атасыз жетимчилик. Болгону алты класс билим. Бирок түс (колер) тандоодо бул аймакта эч ким Або устадай чеберчилик менен тандай алчу эмес. Машинанын кандай гана чийилген жери болсун, кандай гана кабырылган жери болсун, эч билинбегендей оңдоочу. Ал оңдогондон кийин авария болгон жерин эксперттер да таба алчу эмес.

Мындай уста менен мамиледе болуу пайдалуу эле. Анын себеби жөнөкөй эле — азыраак чыгым болуу. Түстү так тандасаң болду — машинаны бүт бойдон кайра сырдоонун эч кажети жок. Башка адистер из калтырып коёрун көп кишилер билишчү. Алар канча аракеттенишсе да так калып калчу. Элүүнчү-алтымышынчы жылдары менчик машинадагы ар кандай тактардын эрөөн-терөөнү жок эле. Бирок азыр... Азыр машинени пир туткандардын саны да алда канча өстү. Анан да, жазуучулар автомобиль тууралуу эмне гана дешпесин, ал унаа эле эмес, ал бардарлыктын да белгиси. Ал эми бардарлык менен так — бул экөө сыйышпай турган нерселер. Андыктан Або устанын баркы ченемсиз эле.

Або жакшы иштеп тапчу. Аны керектегендер атагы чыккан дарыгерге кезек күткөндөрдөй эле күтүшчү. Ал күн сайын, дем алыш күндөрү да, дайыма бир убакта эки сааттык дем алуу жасаарын кардарлар жакшы билише турган. Түштөнөт. Адатта, кезектеги кардар менен. Дайыма ресторанда, дайыма коньяк ичишет. Ал жөнүндө: «Бир литр ичип алгандан кийин да керектүү түстү Рафаэль өзү тандагандай тандай алат» деген сыяктуу имиштер айтылчу. Ал ичпеген, айнектей таза учурунда кылган иши «ойдогудай чыкчу эмес» дешет. Ичип алса — анда иш башка. Анда колу бекем, көзү да таамай.

Або уста үй-бүлөлүү болчу. Анан, туңгучу төрөлгөндө ал досторуна берген убадасында туруп, жыйырма литрдик канистрага маркалуу коньяк толтуруп, өзү да ичип, досторун да сыйлаган. Эртеден кечке ичкен. Ал уулунун жарык дүйнөгө келишин майрамдаган. Бирок анда үйүнө кайгы келгендигин билген эмес. Уулу эрди жырык болуп төрөлдү. Ушундай диагноз бар. Бирок ошол эле болсочу. Кийин, врачтар аныктагандай, бала денесинин жана акыл-эсинин өсүшү жагынан өзү курдуулардан артта кала баштайт. Олигофрения — кем акыл деген негизги диагноз менен диспансердик учетто болот.

Ал эми автомобилдик кардарлар болсо Або устага тынбай келе беришти. Алар албетте, угуучулардын каттары боюнча түзүлгөн бир жолку радио берүүдө «боёктордун сыйкырчысы» деп аталган устанын ичинде эмне болуп жатканын байкашкан жок. Аларга бир гана нерсе керек эле: машинаны бүт бойдон кайра сырдабагандай кылып, керектүү түстү мүмкүн болушунча тезирээк тандоо. Шарт болсо мурункудай эле — адаттагы белгилүү баа жана да түштө эки саат ресторанда тамактануу. Кардарлар күн сайын алмашып тургандыктан, алардын Абонун ичинде болуп жаткан өзгөрүүлөрдү байкабагандыгы, албетте, түшүнүктүү. Ал болсо күн өткөн сайын улам түнт боло берди. Өзүнүн эрди жырык,

жалдыраган баласын эстеп, дасторкон үстүндө өксөп ыйлайт.

Үч жылдан кийин экинчи баласы төрөлдү. Кыз. Эриндери кадимкидей, нормалдуу төрөлдү. Ата бактылуу эле. Демек, аялын урушуп, анын бүт тукумун «кээриңер бар» деп жемелегени бекер тура. Эми кудая шүгүр, баары жайында, баланын эриндери да башкалардыкындай эле.

Бир жашка чыкканга чейин эч ким андан эч кандай нормадан четтөөнү байкаган жок. Бир жылдан кийин балада патологиялык деп аталуучу рефлекстердин бар экендиги билинди. Ата-энеси мунун эч нерсесине түшүнүшкөн жок, ал тургай «бир нерсени ойлоп чыгара берүүчү» врачтарга ачууланышты. Кыз болсо, төрткө келгенде гана тили чыгып, сүйлөгөнгө жарады.

Атасы азап тарта берди. Бир жолу эртең менен үй-бүлөлүк кеңеште көптөгөн тууган-туушкандары менен отуруп, эми мындан ары ишимди таштап, кызымды дарылатууга киришем деди. Уулуна болсо айла жок, эч нерсе кыла албайсың, ага талаш жок (тагдырдын жазганы ошол!). Ал эми кыздыкы болсо такыр башкача. Кызы кадимкидей эле кыз. Анда болгондун бардыгы башкалардыкындай эле. Чачы тармалынан келген, татынакай наристе. Ырас, анын көз карашы дагы агасыныкындай болуп тумандап турат. Анан да,

өңүнөн кандайдыр бир башкача күлүмсүрөө кетпейт. Демек, дарылоо керек...

Бирок, баягы эртең мененки кеңеште болгон ошол сөз сөз боюнча гана калды. Або ал күнү кечинде да демейдегисиндей эле мас болуп келди.

Мен Або устанын таржымалынын андан аркы барактарын хронологиялык иретте баяндоонун кажети жок го деп ойлоймун. Ал барактар бири бирине өтө эле окшош. Бул адамдагы эки балалуу болгонун гана айтайын. Алар төртөө тең акыл-эси артта калган балдар болгондуктан, көмөкчү деп аталган мектепке барып жүрүштү. Або устанын таржымалы менен таанышуудан мурун, ошол көмөкчү мектепте болгондугумду мойнума алам. Ал эми атасынын аты, фамилиясы бир болгон бул бактысыз жандар менен таанышкандан кийин, мен алардын ата-энелерине жолугууну чечтим.

Эшикти ак чач, жылаң баш, көздөрүнүн нуру өчкөн кемпир ачты. Ал ошо балдардын энеси болуп чыкты. Мен таң калдым: көрүнүшү абдан картайган кемпир, бирок, анын кенже баласы тогуз жашка да толо элек. Бул аял таптакыр кемпир эмес экендигин мен кийин билдим. Мен үй-бүлөлүк альбомду карап отуруп, ал чанда кезигүүчү сулуулардан болгонун көрдүм. Күйүт аны кемирип бүткөн тура. Мен күйөөсү жөнүндө сураштырып көр-

дүм. Аял жооп берүүнүн ордуна өксөп ыйлап жиберди. Күйөөсү жок. Күйөөсү асынып өлгөн. Күйүттөн асынып өлгөн. Ал, мага кудайдын каары тийген тура, ошондуктан балдарым ушундай төрөлдү деп эсептеген. Акыркы жылы өзүн өзү билбей, эс-мас абалда жүрдү. Ичкилик ичпей, соо боло калган учурларда көңүлү өзгөчө катуу чөкчү. Ырас, кээде аялы айткандай, өзүнүн каргыш тийген ишин улантып жүрдү. Ошенткен менен, бул мурдагы эмес, башка киши эле. Түнкүсүн ордунан ыргып туруп, балдарынын аттарын кыйкырып, өкүрүп-бакырып ыйлоочу. Анан бир жолу балдарынын мектебине барып келет. Келет да... асынып өлүп калат. Түптүз эле никелденген кроваттын башына асыныптыр. Аны буттары бүгүлгөн бойдон кроваттын жанынан табышкан. Кантип мына ушинтип, ушундайча асынып өлүүгө болсун? — деп, эл таң калышты. Ал болсо ушинтип эле асынып өлүп калыптыр. «Билесизби,— дейт аялы,— көп жылдан бери биринчи жолу мен анын сабырсыз жүзүнөн кандайдыр бир тынчтанууну көрдүм. Өлгөндөн кийин гана көрдүм».

Мен бул үйдөн көңүлдү эзген оор сезим менен чыктым. Жүрөгүм Або устанын тагдырына болгон аёо сезимине жык толду.

Мен маркумду жакшы билгендердин айрымдары менен жолугуштум. Анын сөөгүн

койгондо, жөн эле, бүт шаар түп көтөрө келди. Табыттын артында уу-дуусуз, жай каалгып жүздөгөн машина келе жатты. Мүрзөдө анын көөрү төгүлгөн «алтын колдуу» жана «алтындай жан» экендиги жөнүндө сөз сүйлөштү. Бирок ал өзүн эмне үчүн өлүмгө кыйганын билбеген сыяктуу эле, бул «алтындай адамдын» ичинде кийинки жылдары эмнелер болуп өткөнүн, мүмкүн, эч кимиси билбеген чыгар деп ойлойм.

Менин оюмча, бул адам өзүнүн бардык бактысыздыгынын себеби эмнеде экенин акыры түшүнгөн болуу керек. Информациянын заманы болгон биздин доордо «мастыкта бойго бүтүү» деген эмне экенин, ал эч качан жакшылыкка алып барбастыгын: төрөлгөн жүз баланын жүзү тең тигил же бул деңгээлдеги кемчилиги бар болуп төрөлөрү жөнүндө ушунча жыл ичинде жок дегенде бир жолу укпай койбойт эле да... Кандай болсо да, өз күнөөсүн сезген шекилдүү.

Менин досум жана коллегам врач-эндокринолог Виктор Казьмин менен бирге бул проблема тууралуу мурда да жазганбыз. Жазыштан мурун бир топ жылдар бою Ыраакы Түндүктөгү көмөкчү мектептерди текшерип, оорулуу балдарга байкоо жүргүздүк. Көп ата-энелер балдарынын бактысыз болушуна өздөрү күнөөлүү экенин сезүү менен катуу кайгырып, азап чегип жатышканын ошондо

билгенбиз. Анан, алардын баарына тең жалпы тиешелүү нерсе — өз күнөөлөрүн кеч түшүнүп жатышкандыгы эле.

Мына биздин: «Мастыкта бойго бүтүүнүн кесепети тууралуу билчү белеңиз?» деген сурообузга энелер берген жооптор:

— Биринчи жолу угуп жатам.

— Доктор, эгерде биз күйөөм экөөбүз мурдатан билсек кана, атаганат!

— !?

— Силер, врачтар, күнөөлүүсүңөр. Азыр эми кайгыга эч нерсе менен жардам берүүгө болбойт. Мурдатан айтууңар керек болчу.

Бактыга жараша Або устанын тагдырындай коркунучтуу тагдырды мен андан кийин жолуктурганым жок.

Ошондой болсо да, менин оюмча, өзүнүн сейрек учурагандыгына карабастан, ал типтүү тагдыр. Мен аракечтин тукуму акыры жер жүзүнөн жок болору жөнүндө айтып жатам. Тамырын дарт чалган дарак куурап бүтөт. Бул тажрыйбада далилденген жана ал тажрыйба жөнүндө өз учурунда көп жазылган. Француз окумуштуусу Моррель өнөкөт аракечтиктен азап тарткан төрт муундун турмушуна кылдат байкоо жүргүзгөн жана өзүнүн мурда болуп көрбөгөн мындай тажрыйбасынын натыйжасын минтип жазган: «Биринчи муунда — кулк-мүнөздүн бузулуусу жана ичкиликти ашкере ичүү; экинчисинде — сөздүн

толук маанисиндеги масчылык; үчүнчү муундун өкүлдөрү ипохондриядан, меланхолиядан жапа чегишкен, киши өлтүрүүгө жана өзүн өзү өлтүрүүгө жөндөмдүү болушкан. Төртүнчүсүндө — кем акылдуулук, келесоолук, тукумсуздук...»

Кайсы гана учурда, кандай гана деңгээлде болбосун, масчылыктын түбү коркунучтуу. Маселен биздин текшерүүлөр балдары көмөкчү мектепте окуган ата-энелердин анчамынча гана проценти (беш проценти) өнөкөт аракечтер эмес экенин көрсөттү (мурункулардын, атап айтканда, В. Дульневдин эмгектеринин натыйжаларын ырастады). Бул ата-энелер өнөкөт аракеч болбосо да, аларда «сүйүү кубанычы» көбүнчө кызып алган учурга туш келерин танышпайт. Ал эми алкоголь биринчи иретте жыныс клеткаларына кесепетин тийгизерин, алар болсо болочок түйүлдүккө илдеттүү информация алып барышарын, анан түйүлдүк деформацияланып, туура эмес өсө баштаарын, бул бузулууну кийин оңдоого эч мүмкүн эместигин илим аныктаган. Ата-энелер перзент тилеген учурунда бир эле рюмка, болгону бир рюмка ичкилик ичүүсү ушуга алып келет.

Кээде мындай: «Бир рюмка да, андан кийинки рюмка да болду эле, анан кудайга шүгүр, башкалардан акылы кем болбогон, сопсоо эле балдар төрөлдү» деген пикирлерди

угууга болот. Бул мажес түшүнүк. Анткени ошол эле «башкалардан кем болбогон» балдар, эгерде «бир-эки рюмка» болбогондо, кандай гана балдардан болмок экендиги белгисиз.

Аңгемелешкенде көп ата-энелер спирт ичимдиктерине чукул экенин тим эле караманча таныштты. Мен мындайлардын аттарын жазып алдым да, кайрадан мектепке барып, алардын балдары менен аңгемелештим. Мына алардын ачык айткан сырлары:

— Атам үйгө дайыма ичип келүүчү.

— Күн сайын ичүүчү. Бирок, анын мас болгонун көргөн эмесмин.

— Мурда көп ичүүчү. Азыр, операциядан кийин азайтты.

— Мен жооп бериштен корком...

Балалыгынан гана эмес, келечегинен да ажыраган бул шордуу балдарды карап туруу кандай оор экенин билген болсоңор... Алар эч качан айыгышпайт. Ырасын айтканда, булар — инсан болуу мүмкүндүгүнөн ажырагандар. Турмуш көргөзгөндөй, мында да, көпчүлүк учурларда ата-энелер өздөрү күнөөлүү. Мен ал ата-энелер «мастыкта бойго бүтүү» проблемасы тууралуу эч нерсе билишкен эмес да, ошондуктан аларды актоого болот деп ойлобоймун. Законду билбегендик жоопкерчиликтен куткарбай тургандыгы белгилүү эмеспи. Ал эми келечек муундар үчүн кам

көрүү биздин ар бирибиз үчүн закон болуп эсептелет. Ошентип, балдар үчүн кам көрүү өзүнө камтып турган нерселердин бардыгын билүүгө милдеттүүбүз.

Мүмкүн силер кечөө эле мектеп окуучуларынан болгондурсуңар, ошондуктан жөнү жок уялуу деген неме бизге, ата-энелерге жана мугалимдерге, «мастыкта бойго бүтүүнүн» оор кесепеттерин майда-чүйдөсүнө чейин айтып берүүгө, же өзүнүн оор окуялуулугу менен Або устанын тагдырына окшогон таржымалдарды баяндоого, мүмкүн, тоскоол болгон чыгар. Бирок бүгүн, Силер никеге туруп жатканда, өзүңөр ата-эне болууга даярданып жатканыңарда, так бүгүн жөнү жок уялууну жеңүү менен, биз силерге проблеманын маңызын айтууга тийишпиз. Бир жолку илимий изилдөө көрсөткөндөй: «Спирттүү ичимдиктерди көп ичишкен 215 ата-энеден 37 ара, 16 өлүү, 36 мажес, ошондуктан ишке жараксыз бала төрөлүп, алардын 55и учук оорусуна, 145 и психикалык бузулууларга дуушар болушканын...» бүгүн (эртең таптакыр кеч болуп калышы мүмкүн) Силер билбегенде, ким билиши керек.

Көпчүлүгү күнөө демейде негизинен эркектин мойнунда деп ойлоо менен мастыкта бойго бүтүү проблемасынын маанисин туура эмес түшүнүшөт. Бирок, эне ичкилик ичип алган учурунда бойго бүтүү проблеманы өтө курчу-

та тургандыгын изилдөөлөр көрсөтүүдө. Жоржтаун университетинин (АКШ) ооруканасындагы балдар бөлүмүнүн жетекчиси Девид Эбрамсон эки жыл бою аракеч аялдардан төрөлгөн балдарды дарылаган. Жаңы төрөлгөндөрдө ичкиликке чактырууга мүнөздүү белгилердин бир тобу эң сонун байкалган. Наристелерди энесинин организминен алган ичкиликке «кумарлануу» оорусунан арылтуу үчүн бир топ убакыт керек болгон.

Түйүлдүккө алкоголдун таасир этүүсүнүн натыйжаларын изилдеп жүргөн Сиэтлдик окумуштуу Дэвид Смит эненин ичкиликти көп ичүүсүнүн кесепети ар кандай болорун: мындай балдар курбалдаштарынан өз боюнун өсүшү боюнча артта каларын, жүрөктүн кемтик ооруларынан жабыр тартышарын, акыл жөндөмү жагынан артта кала тургандыгын аныктаган. Смит мындай деп жазат: «Ал турсун жаңы төрөлгөн бир баланын оозунан ичкиликтин жыты жыттанган. Биз колдору такай калтыраган, ал турсун калтыроо төрт айга созулган бөбөктөрдү көрдүк. Бул жөн эле ичкиликке чактырууга мүнөздүү белгилердин тобу гана болбостон, бул нерв системасындагы өтө терең бузулуунун белгиси. Мындай учурда мээнин өсүшү начарлаары шексиз. Эң башкы зыяндуулугу мына ушунда...» Бостон университетинин алдындагы Медициналык мектептин адиси Генри Россет

өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрүнөн кийин: «Азырынча аракечтердин эч кимисинде нормалдуу бала төрөлө элек...» деп жазат.

Биздин бактыбыз зор экен — элибиздин кылымдар бою сакталып келген каада-салты аялдарды ичкиликке кумарлануу оорусунан бекем сактап турат. Бирок ага карабастан: кеп, аялдын ичкиликти ыгы жок ашкере ичкендигинде гана эмес экенин айткым келет. Бул өзүнчө эле кырсык экени айдан ачык. Элде бекеринен: «Эркек ичсе үйдүн теңи күйөт, аялы ичсе үйдүн баары күйөт» деп айтылбаса керек. Кеп, эгер аял кош бойлуу кезинде составында алкоголу бар ар кандай коктейлдерди сергитүүчү каражат катары такай ичсе да, бала мандемдүү болуп төрөлүшү мүмкүн экендигинде (сөзсүз ошондой төрөлөт). Бир аялдан психикалык оор бузулууга дуушарланган бала төрөлүп, анын себеби айкындалат. Көрсө, ал боюнда бар учурунда дайыма составында спирти бар коктейль ичип жүргөн экен. Эсептөөлөр суткасына болгону 28,35 граммдан алкоголь туура келгендигин көрсөттү. Көрүп тургандай, сергитүүчү деп аталган суусундуктун составындагы 28,35 грамм эле алкоголь баланы эч нерсе менен жана эч качан оңдой алгыс «психикалык оор бузулууга» дуушар кылды.

Түйүлдүктүн өсүшүнүн алгачкы күндөрүндө алкоголь бөтөнчө коркунучтуу. Келечекте

эне боло турган аял бул жөнүндө билүүгө тийиш. Кеп, бул мезгилде түйүлдүктө али өзүнчө кан айлануу болбогондуктан, ал түздөн-түз энесинин кан агымынан тамактангандыгында. Ошондуктан эненин жана түйүлдүктүн канындагы алкоголдун өлчөмү бирдей болот. Бул негизинен аялдын боюна бүткөндүгү билине элек учурга тиешелүү экендигин эскерте кетмекчибиз. Муну билбегендиктен, ал абайлабай жүрө берет. Айрыкча «ысыкчылык айы» деп аталган учурда өзүнө алкоголдуу ичкиликтерди ичүүгө жол берүүсү менен, келечек наристеге түзөтүүгө мүмкүн болбогон зыян келтирет. Чыныгы бактылуу учур болгон «ысыкчылык айында» кечил болуп, өзүңдү ар кандай ыракаттануудан ажырат деп эч ким айтпайт. Айласын табууга боло тургандыгы шексиз. Медиктер мындай учурларда сактанууну, бойго бүтүрбөөчү каражаттарды колдонууну сунуш этишет. «Мастыкта бойго бүтүүнү» болтурбаш үчүн бардыгын жасоо керек. Адеп башынан баштап бала төрөлгөнгө чейин карманып жүрүү керек. Бирок, бул да аздык кылат. Төрөгөн аял бала эмчектен чыкканчакты бир грамм да ичүүгө болбойт. Эгер андай болбосо, анда... окурмандар мени кечирип коюшсун, адегенде эле боюнан алдырып таштоо дурусураак экенин мойнума алууга аргасызмын. Анткени турмуш көргөзүп жаткандай, укмуштуу керемет-

тин болушун күтүүгө болбойт, эч качан андай болбойт.

Ошондой эле, болочок энелер никотиндин жана тамекинин түтүнүнүн түйүлдүктүн өсүшүнө таасирин билүүлөрү зарыл. Тамеки тарткан аялдарда бойдон түшүүнүн өнөкөт болуп калгандыгы байкалат. Айтмакчы, медиктер бул өңдүү мандемди тамеки тартпаган, бирок тамекинин түтүнүнө толгон жайларда такай болуучулардан да байкашкан. Мына ошондуктан келечекте ата боло турган киши жана үй-бүлөнүн тамеки тартуучу мүчөлөрү эне болууга даярданып жүргөн аялга бөтөнчө сергектик менен мамиле кылууга тийиш. Бир гана туура принцип бар: кош бойлуу аял турган бөлмөгө бир дагы сигарет жолотпоо. Албетте, кеп жалаң гана боюнда бар мезгил жөнүндө болуп жаткан жери жок. Бул коркунуч бала төрөлөөр замат эле жок болуп калбайт. Ал турсун, коркунуч андан да көбөйөт деп айтар элем. Анткени канда никотин болушунан эмчектин сүтү азайып, кай бирде такыр чыкпай да калат. Никотиндин сүттө болушунун өзү эле — уу. Ал эми бир эле кишиси тамеки тарткан үй-бүлөдө балдардын ар кандай оорулары тамеки тартпагандардыкына караганда эки эсе көп. Ал эми үйдө экөө тартса, медицина илимдеринин доктору Т. Богдан жазгандай, балдардын оорулары ошого жараша — төрт эсе көп кезде-

шет. Кайгылуу прогрессия мына ушундай жүрөт. Айтылгандардын бардыгы биз кийинки мезгилде абдан көнүп алган кофеге да тиешелүү. Ал кош бойлуу жана баланы эмизип жүргөн мезгилдерде бөтөнчө зыяндуу. Эмчек эмизип жүргөн аялдарга кофени аз ич эле дебестен, аны такыр ичпе деп сунуш кылган врачтар туура кылышат. Эч ким Силерге бул чынында эле сергитүүчү суусундукту ичүүгө тыюу салбайт. Бирок аны Силердин наристе тикеден-тике (сөздүн тике маанисинде) Силерге, Силердин организмге көз каранды болбой калгандан кийин ичүү дурусураак.

...Бирөөлөрдүн: аракты деле ичкенбиз, ичкенде да аз ичкен эмеспиз, ошентсе да, эч нерсе эмес — жакшынакай эле бала төрөлдү дегенине ишенбегиле. Бул тууралуу жана да айтылган болучу. Бирок мен адистердин кээ бир маалыматтарын гана кошумчалай кетмекчимин. Акылдын өнүгүү коэффициентинин орточо (шарттуу) деңгээли 100 гө барабар. Окумуштуулар «мастыкта бойго бүтүүнүн» натыйжасында төрөлгөн балдарда бул коэффициент 80 ге барабар экендигин эсептеп чыгышкан.

Көрүнүп тургандай, артта калууну өлчөөгө, сезүүгө да болот. Кайдан эле Силер балаңардын нормадан бүтүндөй жыйырма процент артта калышын каалайт элеңер.

Ошентип, бул бир эле жагы. Бул, мындайча айтканда, оңдой берди болгондогусу.

Ичкичтерден төрөлгөн кээ бир балдар жаш кезинде, айтылып жүргөндөй, «кадимкидей эле» болушу мүмкүн, ошондуктан андан бетер ишенбегиле. Баары бир мындай адамдар түбү жакшы болбойт. Бара-бара «Мастыкта бойго бүтүү» проблемасы менен эмнегедир сейрек байланыштырылып жүргөн «инсандын бузулуусу» пайда болот. Бул жерде кеп, норма боюнча адамдын мээсинде он жети миллиардга жакын нерв клеткалары боло тургандыгында. Бул клеткалардын белгилүү өлчөмү, мындайча айтканда, үзгүлтүксүз керектен чыгып турат. Норма боюнча бул байкаларлык психикалык өзгөрүүлөрдү пайда кылбайт. Бирок да, аракечтерден төрөлгөн балдарда бул процесс бузулуп калган. Нормалдуу адамдардыкына караганда булардын нерв клеткалары батыраак жана көп санда иштен чыгат. Инсан ошондон улам бузулат.

Башталгыч класстарда кадыресе жакшы окуган, тырышчаак, элпек баласы кийин жыл өткөн сайын, жогорку класстарда башкача боло баштаганына даттанган ата-энелер врачтарга абдан көп кайрылышат. Мындай учурларда кай бирде күнөөнүн бардыгын мектепке оодара салышат. Бул жерде мектептин эч тиешеси жок. Мында сөз, негизинен, жубайлык парздарын мас абалда аткарган ата-

энелердин балдары жөнүндө болуп жатат. Мына илимий эмгектен алынган бир гана фраза: «Алкоголь тукум куучулуктун негизинин баарысын жанданткан жыныстык жетилүү мезгилинде баланын акылынын өсүшүн токтотот».

Эч качан өзүңөрдү: «Мен аракеч эмесмин, ичкиликти ашкере ичпеймин, эч ким менин мас болгонумду көргөн эмес, демек, коркуунун кереги жок» деп сооротпогула. Бул сыяктуу ойлор өзүн өзү алдоого алып келет. Өзүн өзү алдоону жашоодогу жакшы жардамчы деп айтыш кыйын. Окумуштуулардын тажрыйбалары жана байкоолору мындай чени менен ичет деп аталуучулардын, «кийинки муундарында талма оорусу, шизофрения, кем акыл, тубаса кемтиктүүлөр (дене жана адеп жагынан) көп кездешерин» көрсөткөн.

Кандай учурда болсо да, алкоголь зыян кылбай койбойт. Аны бир курдай ичкен учурда да ал болочок балдарга кесепетин тийгизет. Эгер ал ата-энелер балалуу болууну эңсеген күнгө туш келип калса — даана бактысыздык. Г. М. Энтин «Адам өзүнө врач болгондо» деген китебинде: «Спирттик ичимдиктерди бир эле жолу ичүү уруктанууга даяр эркектердин (сперматозоидке) да, ургаачылардын (жумуртка клеткасына) да жыныс клеткаларына зыяндуу таасир этерин көп сандаган илимий изилдөөлөр аныктаган. Эгерде

бойго бүтүү учурунда ата-энелердин бири эле мас болгон болсо, денеси ар кандай кемтик, начар балдардын төрөлүшү мүмкүн» деп жазган.

Кээ бирөөлөр: эгерде бардыгына масчылык же «мастыктагы бойго бүтүү» күнөөлүү болсо, эмне үчүн бир эле ата-энеде жалаң эле мандемдүү эмес, ошондой эле кадыресе нормалдуу да балдар төрөлүшөт деп таң калышат. Бул ишенкиребегенсип берилген суроого окумуштуулар: СССР медицина илимдер Академиясынын академиги Б. Колосовский жана медициналык илимдердин кандидаты В. Дульнев өз учурунда далилдүү жооп беришкен. Алар узакка созулган тажрыйба жүргүзүшкөн. Аракечтердин үй-бүлөлөрүнөн ылгап алынган балдардын бардыгын төрт топко бөлүшкөн. Биринчи топко атасы алкоголизм оорусуна чалдыга электе жарык дүйнөгө келген балдар кирген. Булар дени соо адамдар болушкан. Алардын бардыгы мектепти, көбү — институттарды бүтүшкөн. Үй-бүлөлүү болушкан. Ырас, өз учурунда айрымдарында үй-бүлөдөгү шартка байланыштуу ар кандай невроз оорулары байкалган. Бирок бул оорулардын белгилери бат эле жоюлуп кеткен. Экинчи топко ошол эле ата-энелерден, атасы алкоголизм менен ооруган алгачкы жылдарда, аракеч болгондугуна болжол менен үч-төрт жыл өткөндө төрөлгөн балдар кирген.

Булар акылынан ажыроонун жеңилирээк түрү менен жабыркаган балдар болушкан. Анан калса, бул оору менен балдардын бүтүндөй жүз процентти жабыркашкан. Оорубай калганы болгон эмес. Булардын бири да мектепти бүткөн эмес. Алты класстан ары окуй алышпаган.

Үчүнчү топко атасынын алкоголизм менен ооруганы даана билинген учурда төрөлгөн балдар кирген. Орточо алганда, аракеч болгонунан сегиз жыл өткөн соң төрөлгөндөр. Бул балдардын бардыгында акылынан ажыроо экинчи-үчүнчү даражада болгон. Дагы да кайталайм, бири калбай бардыгында. Ошентип, бири калбай, бардыгы көмөкчү мектептерде окушкан.

Төртүнчү топко болсо атасы аракечтиктен айыккандан кийин жарык дүйнөгө келген балдар кирген. Болжол менен арakты такыр токтоткондон үч-төрт жыл өткөндөн кийин. Кайтадан нормалдуу балдар. Тажрыйбанын авторлорунун өзүлөрү белгилегендей, «эч бириnде да негизги психикалык функциялардын эч кандай бузулушу байкалган эмес».

Тажрыйбанын натыйжалары өзүнөн өзү эле түшүнүктүү. Кошумча түшүндүрүп отуруу бул жерде ашыкчалык кылат.

...«Мастыкта бойго бүтүү» проблемасына эмне үчүн эми гана киришишти деп көп сурашат. Адам баласы ичкиликти азыр эле ичип

жаткан жок да? Демек, проблемалар да азыр эле пайда боло калган жок. Адамдар ушундай коркунучтуу кырсык жөнүндө мурда кандайча билбей калышты? А эгерде билген болушса, адамзат өзү жашаган убакыттын ичинде эмнеликтен вино сыяктуу балээге тыюу салган эмес?

Билишкен. Ошентип, адамзат өзүн качантан билсе, ал ошондон бери эле «мастыкта бойго бүтүүгө» каршы күрөшүп келген. Ал эми «алкоголизм жана укум-тукум» проблемасынын өзү бардык мезгилде адамзаттын акылмандарын тынчсыздандырган. Эки миң жыл мурун эле Плутарх өзүнүн «Эбрии эброис гигнут» («Аракеч аракечтерди төрөйт») деген белгилүү корутундусун чыгарган. Платон болсо, он сегиз жашка чейин ичкилик ичүүгө тыюу салуучу закон чыгартууга жетишкен. Улуу даанышман абдан акылдуулук кылган. Спирттүү ичимдиктен али сөөгү ката элек организм бөтөнчө жабыр тартаарын жана өнөкөт аракечтер, биринчи кезекте, виного жаш кезинен берилгендерден чыгарын ал жакшы билген. Байыркы Римде отуз жашка чыкпай ичкендер өлүм жазасына тартылган. Бул так ушул жашында адам үй-бүлө күтүп, бала-бакыралуу боло тургандыгы менен түшүндүрүлгөн. Карфагенде болсо, жубайлык милдеттерин аткарууга туура келген күндөрү вино ичүүгө тыюу салган закон бол-

гон. Көрүнүп тургандай, адамзат цивилизациянын башталышында эле виного каршы эмес, укум-тукумдун саламатчылыгы үчүн активдүү күрөшкөн. Анткени бардык заманда балакеттин бардыгы винодо эместиги жакшы белгилүү болгон. Балакет, баарыдан мурда, спирттик ичимдиктерди пайдалануу маданиятынын жоктугунда. Чындыгында эле, азыркы учурда өлүмгө учуратуусу боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлеген семирүү, атеросклероз, гипертония, жүрөк кан-тамыр ооруларына дуушарланта тургандыгы үчүн гана жакшы сапаттагы кубаттуу азык-түлүктү жамандоо эч кимдин оюна келбейт да. Биз углеводдорго, белокторго, майларга каршы күрөшпөстөн, ашепке тамактанууга, соргоктукка каршы күрөшүп жатпайбызбы. Биз замандашыбыздын ден соолугу үчүн күрөшүп жатабыз: «Бизге эгерде биздин өткөндөгүбүз кымбат болсо,— деп жазган белгилүү армян прозаиги Серо Ханзадян,— анда биздин келечегибиз кандай кымбат болууга тийиш. Өткөн мезгилди биз жашап өттүк. Ал биздин эсибизде, биздин ар бир клеткада. Ал эми келечек үчүн али күрөшүү керек. Жандын бардыгынча, өмүр бою күрөшүү керек...»

Ушул катты жазып жатып мен кайрадан баягы, Або устанын төрт баласы окуган көмөкчү мектепте болдум. Алардын ушунчалык окшоштугун жана дени соо балдарга окшобо-

гондугун көрдүм. Карап туруп жүрөгүм ооруду. Төртөөндө тең көңүл кош, жалдыраган көз караш. Айланасынан эч нерсе көрбөгөн сыяктуу болуп көрүнөт. Алардын көздөрүнүн нуру жок. Мен аларды карап жатып, мендеги алардын атасын аяган боор ооруу сезимим көз ирмем сайын жоголуп, анын ордуна жек көрүү пайда болуп жатканын байкадым. Ал өлүп, сөөгү сөпөт болсо да, ал үчүн балдары жаза тартып жаткан бул шумдуктуу кылмышты кечирбесимди, кечире да албасымды сезип жаттым. Закон адамдын денесине анчейин эле зыян келтиргендердин ар бирин жазалайт. Бул жерде болсо бир эле учурда төрт киши майып болуп, келечегинен ажырап отурбайбы.

Алардын атасы өмүр бою бирөөлөрдүн машиналарынын тагын кетирип жүрүп өттү. Бирок, ал кишидеги такты азыр ажалдын өзү да кетире албайт.

Муну дайыма эстегиле! Күн сайын, саат сайын!

**Силерди кадырлоочу жана Силердин жоопкерчилик сезимиңерге ишенүүчү**

*Зорий Балаян*

**Зорий Гайкович Балаян**

**ОТКРЫТОЕ ПИСЬМО НОВОБРАЧНЫМ**

*(на киргизском языке)*

Издательство «Мектеп»

Которгон *Г. Садабаева*
Редактору *А. Эсенгелдиев*
Техн. редактору *Б. Б. Алымбаева*
Корректору *Г. Кенжегозуева*

ИБ № 4304

Терүүгө 10. 12. 1986. берилди. Басууга 14. 01. 87. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $70 \times 90^1/_{32}$. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 0,875 физ. басма табак, 1,02 шарттуу басма табак, 0,81 учёттук басма табак, 1,24 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 5000. Заказ № 381. Баасы 5 т.

«Мектеп» басмасы.
720361. ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.